**Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)” аттуу 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

# ПИКИР

**1. Теманын актуалдуулугу.** Айылдык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы материалдык жана руханий маданияты азыркы мезгилге чейин этнологиялык жактан толугу менен изилденип бүтө элек. Мындай темалардын катарына тамак-аш маданияты да кирет. Тамак-аш этностун жашоосун камсыз кылуудагы биринчи кезектеги зарыл нерселердин катарына кирүү менен анын турмуш-тиричилигиндеги өзгөчөлүктөрдү, башка этностор менен жалпылыктарды чагылдырып турат. Кыргыз элинин тамак-аш системасы жалпы улутка тиешелүү болсо да, анын курамында аймактык же чөлкөмдүк айырмачылыктар байкалбай койбойт. Аларды этнографиялык багытта ар тараптуу изилдөө актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Совет мезгилинде Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш системасы кыргыз этнологиясында эң алгачкылардан болуп этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде бул диссертациялык иште комплекстүү түрдө изилденди.

Иште Чүй жана Талас өрөөнүнүн кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын совет мезгилиндеги өзгөрүүсү алардын жашоо турмушунун, күндөлүк турмуш-тиричилигинин шарттарынын өзгөрүүсү,

кошуна жашаган этностор менен карым-катышы сыяктуу шарттардын таасири менен кошо каралган. Изилдөөнүн максаты, милдеттери, объектиси так аныкталган. Совет мезгилинде изилденген аймактагы кыргыздардын тамак-аш курамында кээ бир салттуу элементтердин сакталышы менен катар алардын тамактануу маданиятында аймактык өзгөчөлүктөр жоюла баштап, жалпы кыргыз элине тиешелүү болгон көрүнүштөр калыптангандыгы стационардуу изилденген кыштактардан топтолгон этнографиялык жана этносоциологиялык материалдарды талдоо менен тастыкталган.

Изилдөөгө алынган кыштактардын тоолуу, бөксө тоолуу, түздүктө жайгашкандыгынын эске алынып изилдениши кыргыз этнология илимине жаңы илимий жыйынтыктарды киргизди. Мындай градацияга бөлүп кароо 2005-жылы кыргыз этнологдорунун илимий конференциясында кабыл алынган болчу. Андан кийинки изилдөөлөрдө бул ыкма колдонулуп келе жатат. Кыргыздардын тамак-аш маданиятын изилдеген бул иште да бул ыкманын колдонулушу регионалдык, зоналдык эле эмес, ошол региондордун ичиндеги өзгөчөлүктөрдү, жалпылыктарды, алардын шарттарын тереңдеп изилдөөгө мүмкүнчүлүк берди.

**2. Илимий жыйынтыктар.**

1. Чүй жана Талас аймактарында 1920-1940-жылдарында жарым көчмөнчүлүк мал чарбачылыгы менен коштолгон дыйканчылык чарбалык-маданий тиби үстөмдүк кылган. Бул жылдарда аталган аймакта тамак-аш маданиятынын өнүгүшү чарбалык-маданий типтин курамдык бөлүгү менен ыңгайлашкан. Бул жылдары социалисттик айыл чарба бирикмелеринин уюшулушу, чарбалык, социалдык жана маданий кайра жаңылануулар кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө таасир берген.

2. Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде Чүй жана Талас өрөөндөрүнө Россиянын, Украинанын, Белоруссиянын, Түндүк Кавказдын фронтко жакын жайгашкан шаарларынан жеңил жана тамак-аш өнөр жай ишканаларынын, аларды иштетүүчү адистердин көчүрүлүп келиши советтик атуулдук сезимдин жогорулашына, башка кошуна жашаган элдер менен түрдүү багыттагы (анын ичинде тамак-ашындагы) байланыштардын бекемделишине ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

3. Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына дини бир түрк тилинде сүйлөгөн казактардын, татарлардын, башкырлардын таасирлери күчтүрөөк болгон.

4. Совет мезгилинде изилденген аймактарда айыл чарба өндүрүшүнүн технологиясы татаалдап, кыштак тургундарынын тамак-ашында жашылча, жемиш, түрдүү мөмөлөр басымдуу орунду ээлей баштаган. Бул жылдарда кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятында салттуу тамактар менен катар шаарларда жашаган башка элдердин, шаарлардагы тамак ичүүчү жайлардын (ашканалардын, кафелердин) тамактары жана тамак ичүүдөгү шаардык эрежелер (этикеттер) кеңенирээк тараган.

5. Коомдук тамактануу аземинин түрлөрү Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн изилденген бийик тоолуу, бөксө тоолуу жана түздүктүү кыштактарында өткөрүлсө да, салтанатка же аза күтүүгө байланышкан коомдук тамактанууда бири-бирине окшош түзүлүштүк белгилер басымдуулук кылат жана конокторго тамак азыктарын, даяр тамактарды берүүдө айырмачылыктар байкалган.

3. **Алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү жана ынанымдуулугу.**

Совет мезгилинде Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз уруулук бирикмелеринин көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгынан отурукташкан айылдарга өтүүсү, алардын арасында сугат дыйканчылыгынын, жашылча, жемиш өстүрүүчүлүктүн, балыкчылыктын, багбанчылыктын тарашы даректүү материалдар менен тастыкталган.

Изилденген этнографиялык объектин курамына кирген түрдүү кыргыз урууларынын ортосундагы ички консолидациялык биригүүнүн негизинде тамак-аштагы уруулук өзгөчөлүктөр жоюлуп, жалпы кыргыз элине тиешелүү тамак-аш маданиятынын калыптангандыгы этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде талдоого алынган.

Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына чогуу бир айылда же кошуна жайгашкан айылдарда казактардын, татарлардын, башкырлардын, уйгурлардын жана орус, украин, немец этносторунун тийгизген таасирлерин этнографиялык жана этносоциологиялык материалдар менен бышыктаган. Шаарларда жашаган кыргыздардын жана шаарлардагы тамак даярдоочу ишканалардын айылдык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш системасына тийгизген тассирлерин этнографиялык талаа материалдарынын жана сурамжылоонун жыйынтыктарын талдоо менен көрсөтүп берген.

Мурунку салттуу көп адам катышкан чогуу тамактануулардан тышкары уулунун же кызынын орто мектепти аяктагандыгы үчүн коомдук тамактануу, уулунун же кызынын жогорку окуу жайын аяктагандыгы үчүн коомдук тамактануу, “комсомолдук үйлөнүү тоюна” арналган коомдук тамактануу, аскерге узатуудагы коомдук тамактануу, уулунун аскерден кайтып келгендеги коомдук тамактануунун формалары, жеке инсандын социалдык өсүүсүнө же ар кандай жетишкендиктерине байланышкан тамактануу формалары калыптангандыгы өздүк материалдар менен изилденген.

этнографиялык талаа материалдарынын жана сурамжылоонун жыйынтыктарын талдоо менен көрсөтүп берген.

**4. Диссертациядагы илимий жыйынтыктар менен корутундулардын жанычылыгынын деңгээли.**

1 - жыйынтык. Жаны, себеби диссертациялык иште кыргыздардын совет мезгилиндеги тамак-аш маданияты этнографиялык изилдөөгө алгачкы ирет алынып жатат.

2 - жыйынтык. Жаңы. Кыргызстанга көчүрүлгөн тамак-аш өнөр жай ишканаларынын, көчүрүлгөн башка этностордун тамак-аш маданиятынын таасири атайын изилдөөгө алынды.

3 - жыйынтык. Жаңы. Кыргыздарга дини, тили окшош этностордун ортосундагы алакалардын тыгыздыгы тамак-аш маданиятына да таасир эткендигин башка изилдөөлөр да эске алып кеткендиктен бул жыйынтык жарым жартылай жаңы.

4 - жыйынтык. Жаңы, себеби совет мезгилиндеги жашоо-турмуштагы окшоштуктардын жайылышы, салттуу тамактануудагы инновацияларды автор этносоциологиялык жана этнографиялык өздүк материалдары менен изилдеген жана талдаган.

5 - жыйынтык. Жаңы, анткени, коомдук тамактануу аземинин түрлөрүн автор Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн бийик тоолуу, бөксө тоолуу жана түздүктүү кыштактары боюнча алгачкы ирет бөлүп изилдеди.

**5. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттулугун баалоо.**

В.М. Куттубекованын диссертациялык иши Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн кыштактарындагы кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-аш маданиятын изилдеп, анын жыйынтыктары социализм мезгилиндеги тамак-аш системасынын өзгөрүшү, өнүгүшү тууралуу илимий багытта жаңы ой-пикирлердин, идеялардын пайда болушуна түрткү берет. Эмпирикалык жана этносоциологиялык материалдарга, информаторлордун баяндамаларына талдоо жүргүзүлүп,

ынанымдуу жыйынтыктар чыгарылган. Улуттук этнологияда жана этносоциологияда мурун чагылдырылбаган тамак-аш системасына байланышкан маалыматтар жана түшүнүктөр илимий айлампага киргизилди.

Диссертант тарабынан жетишилген жыйынтыктар ишенимдүү жана ынандыраарлык деңгээлде, ич ара логикалык байланышы бар, практикалык сунуштары илимий жыйынтыктарга жана жоболорго таянган. Автор жаңы натыйжаларды жана жоболорду өздүк этнографиялык, этносоциологиялык материалдарды талдоо менен чыгарган. Негизги маселелерди кароодо ички биримдик, багыттуулук сакталган.

**6. Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык эмгектин материалдары менен жыйынтыктары этнографиялык, этносоциологиялык изилдөөлөрдө, маданий мурастын тамак-ашка байланыштуу жактарын чагылдырууда жардамы тийет. Эмгекти, мектептер менен жогорку окуу жайларында «Мекен таануу», «Ата Мекендин тарыхы», «Адеп», «Кыргыз элинин маданияты», «Кыргыз таануу», «Кыргыз этнографиясы» сабактарын өтүүдө пайдаланууга болот. Ошондой эле тамак-аш адистиктерин даярдаган орто жана жогорку окуу жайларында атайы курстарда жана окуу-усулдарын, лекцияларды даярдоо иштеринде колдонсо болот. Мындан сырткары массалык маалымат каражаттарында Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына байланышкан салттарын таанытып, кеңири жайылтууга чоң көмөкчү материал катары кызмат кыла алат. Улуттук маданияттын бул бөлүгүнүн тынымсыз өнүгүп, өзгөрүлүп, ошол эле мезгилде салттуу насилин сактоо жөндөмүнө байланышкан маселелерди камтыган мындай изилдөөлөр тамак даярдаган технолог адистери үчүн да булак катары кызмат кылат.

7. **Илимий изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана жоболорунун жарык көрүшү.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргызстанда жана Казакстанда жарык көргөн 16 илимий макалаларда чагылдырылган.

Диссертациянын негизги жоболору, идеялары жана жыйынтыктары өлкөдөгү жана чет өлкөлөрдөгү өткөн республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда, окууларда, тегерек столдордо жана башка илимий форумдарда доклад катары окулду.


1. Куттубекова В.М. Традиционная система питания кыргызов и её классификация [Текст] / В.М. Куттубекова // Известия КГТУ им. И. Раззакова. - 2007. - №11. - С. 241-244.
2. Куттубекова В.М. “Тамак ичүү системасы” маданий таануу жана этнография илимдеринде (илимий теориялык багытта) [Текст] / В.М. Куттубекова // Кыргызстан тарыхынын маселелери. Илимий журнал. - 2009. - №2. - 80-84-бб.
3. Куттубекова В.М. Кыргыздардын совет мезгилиндеги үйдө тамак ичүү системасы [Текст] / В.М. Куттубекова // Кыргызстан тарыхынын маселелери. Илимий журнал. - 2010. - №3. - 117-125-бб.
4. Куттукбекова В.М. Влияние номадизма на различные компоненты традиционной материальной культуры кыргызов [Текст] / В.М. Куттубекова // Известия вузов. - 2013. - №3. - С. 190-192.
5. Куттукбекова В.М. Проблемы изучения системы питания кыргызов Таласской долины в советское время (на основе этносоциологических исследований) [Текст] / В.М. Куттубекова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2015. - №3. - С. 169-172.
6. Куттубекова В.М. Общая характеристика культуры жизнеобеспече-ния кыргызов [Текст] / В.М. Куттубекова // Известия вузов Кыргызстана. - 2015. - №4. - С. 142-144.
7. Куттубекова В.М. Гостевая трапеза сельских кыргызов в советское время [Текст] / В.М. Куттубекова // Актуальные вопросы общественных наук: социология, политология, философия, история.- Сборник статей по материалам LVI Международной научно-практической конференции. - Новосибирск, 2015. - №12 (52). - С. 49-57.
8. Куттубекова В.М. Социально-экономические аспекты этнокультурных процессов в среде кыргызского сельского населения в 20-40-е годы XX века (на примере Чуйской и Таласской долин) [Текст] / В.М. Куттубекова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2016. - №5. - С. 152-155.

9. Куттубекова В.М. Особенности системы питания кыргызов Чуйской долины в 20-40-е годы XX века [Текст] / В.М. Куттубекова //Проблемы современной науки и образования. Научно-методический журнал. – Иваново, 2016. - №21 (63). - С. 42-46.

10. Куттубекова В.М. Особенности питания кыргызской сельской семьи Чуйской и Таласской долин в 20-40-е годы XX века (на материалах этносоциологического исследования) [Текст] / В.М. Куттубекова // Социология и общество: социальное неравенство и социальная справедливость. Материалы V Всероссийского социологического конгресса. - Секция №24. - Екатеринбург, 2016. - С. 7186-7197.

11. Куттубекова В.М. Влияние урабанизационных процессов на изменение культуры питания кыргызской сельской семьи, проживающих на территории Чуйской и Таласской долин в советское время [Текст] / В.М. Куттубекова // Современные гуманитарные исследования. - М., 2017. - №4 (77). - С. 8-23.

12. Куттубекова В.М., Өмүрбеков Ч.К. Талас жана Чүй өрөөндөрүндө XX кылымдын 20-40-жылдарында кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш

маданиятынын өнүгүшүнө демографиялык процесстердин тийгизген таасири [Текст] / В.М. Куттубекова, Ч.К.Өмүрбеков // Известия вузов. - 2018. - №1. - С. 156-159.

13. Куттубекова В.М. Өмүрбеков Ч.К Талас жана Чүй өрөөндөрүндө

XX кылымдын 60-90-жылдарында айылда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө демографиялык процесстердин тийгизген таасири) [Текст] / В.М. Куттубекова, Ч.К.Өмүрбеков // Вестник Кыргызстана. - 2018. - №1.- С. 29-33.

14. Куттубекова В.М., Өмүрбеков Ч.К. Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн XX кылымдын 20-50-жылдарындагы тамактануу үлгүсү (модели) [Текст] / В.М. Куттубекова, Ч.К.Өмүрбеков // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. - 2019. - №3. - 7-14-бб.

15. Куттубекова В.М. Чүй өрөөнүндө XX кылымдын 20-40-жылдарында айылдык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө маданий жана калк аралык мамилелердин тийгизген таасири [Текст] / В.М. Куттубекова // КРнын ЖАК Кыргыз Республикасындагы илимий изилдөөлөр. - 2020. - №4. – II бөлүм. - 28-37-бб.

16. Куттубекова В.М. Общественная трапеза в системе питания кыргызской сельской семьи Таласской долины в 30-50-е годы XX века [Текст] / В.М. Куттубекова // Общество: Философия, история, культура. Научный журнал. - Краснодар, 2021. - №2 (82). - С. 63-67.

**8. Автрефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Авторефератта диссертациялык иштин негизги мазмуну толук камтылып, Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын авторефераттарга коюлган талаптарына жооп берет. Авторефератта кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмелер берилген.

**9. Диссертация боюнча сын пикирлер.**

Диссертациянын жетишкен жактары менен бирге кемчиликтерин да белгилейм.

1. Диссертациялык иштин мазмунунда материалдарды талдоодо жана жыйынтыктарды чыгарууда 1920-1940-жж.; 1940-1960-жж.; 1970-1990-жж. деп хронологиялык этаптарга бөлүү иштин бардык бөлүктөрүндө сакталса туура болмок.

2. Диссертациянын жадыбалдарынын кээ бир аталыштарын (IV баптын "Үй-бүлөлүк деңгээлдеги тамактануу аземи жана анын Чүй, Талас аймактарындагы салыштырма түрлөрү" деп аталган 1 - бөлүгүндөгү) тактоо зарыл жана алардын ирети жобого ылайык шөкөттөлүшү керек.

3. Баптардын жыйынтыктарынын айрым жерлеринде (III баптын "Совет доорундагы чарбалык, агрардык, социалдык кайра жаңылануулар жана кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты" деп аталган 1 - бөлүгүндө) илимий бүтүмдөр жыйынтыкталбай калган.

4. Корутундуда кээ бир баптардын аталышы аталып, параграфтардын чыгарылган жыйынтыктары көрсөтүлгөн. Башка жерлерде баптар жана параграфтар андай бөлүнүп каралбагандыктан, алар боюнча жыйынтыктар чыкпай калгандай ой калтырат.

5. Иштеги айрым техникалык мүчүлүштүктөрдү, стилистикалык каталарды жоюу зарыл.

Жогорудагы айтылган сын пикирлер диссертациялык иштин илимий жана теориялык деңгээлин түшүрбөйт. Жалпысынан алганда, диссертациялык изилдөө өз алдынча жазылган, жыйынтыкталган илимий иш болуп саналат.

**10. Диссертациялык иштин Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча талаптарына дал келиши.**

**Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын "Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)"** аттуу 07.00.07– Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу боюнча талаптарына ылайык келет, ал эми диссертант 07.00.07– Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент, тарых илимдеринин доктору,**
**И.Арабаев атындагы КМУнун Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын башчысы** **Жоошбекова А.Р.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ» МЕКЕМЕСИ
УЧРЕЖДЕНИЕ «ИНСТИТУТ ИСТОРИИ, АРХЕОЛОГИИ И ЭТНОЛОГИИ ИМ. Б. ДЖ. ДЖАМГЕРЧИНОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»
ИНН 02003199710104
№ 04-8/41
«10» 11 2021 ж/г.
город Бишкек
Уч. секр. Д.07.21.628